| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясынын

Жаңы-Арык айылы **№ 9 – Т О К Т О М У** 6-апрель 2023-жыл

**“Бүргөндү айыл аймагына райондук паспорт стол мекемесинин бөлүмчөсүнө калкты тейлөө имаратын куруу үчүн керектелген акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө”**

Ноокен райондук паспорт стол мекемесинин бөлүмчөсү Бүргөндү айыл өкмөтүндө жайгашып, көп жылдан бери чектеш жайгашкан Достук, Момбеков жана Бүргөндү айыл өкмөттөрүнүн калкын өздүк күбөлөндүрүүчү документтери менен камсыздап жетиштүү денгээлде иш жүргүзүп келген. Кандайдыр бир себептер менен паспорт стол бөлүмчөсү узак мөөнөттөн бери жабылып калып, калкыбыз райондук паспорт стол мекемесине барып жумалап жүрүп өздүк күбөлөндүрүүчү документтерин бүтүрө алышпай кыйналышып жаткандыгын эске алып, калкыбыз үчүн көйгөй жаратып жаткан маселеге тез арада чара көрүү максатында Достук, Момбеков жана Бүргөндү айылдарынын калкын тейлөө бөлүмчөсүн ачуу үчүн атайын имарат курууга керектелген акча каражатын ажыратып берүү боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарынын сунушун жана айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси М.Осмоновдун кайрылуусун угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси М.Осмоновдун кайрылуусу жана айылдык кеңештин депутаттарынын сунуштары эске алынсын.

2. Бүргөндү айыл өкмөтүнө райондук паспорт стол мекемесинин калкты тейлөө бөлүмчөсүн ачуу үчүн атайын имарат курууга керектелген 3 000 000 (үч миллион) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эсебинен каралсын.

3. Жогоруда каралган акча каражаттары менен камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси М.Осмоновго жүктөлсүн.

4. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бүргөндү айылдык кеңешинин Финансы, бюджет экономика, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ө. Калмуратовко милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасы:** _____________ **Б. Кубатов**